**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2017-жылдын 11-июлу Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, М.Ш. Касымалиев, К.М. Киргизбаев, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаевдин курамында, сот отурумунун катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын

судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана жарандар Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2017-жылдын 3-мартында Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучулар өзүнүн өтүнүчүндө «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, эгер адам тыюу салынган материалдарды жайылтуу максатын көздөгөн же жайылтып жүргөн болсо, экстремисттик материалдарды сактоо укук бузуу катары таанылууга тийиш деп көрсөтүшүүдө. Ошол эле мезгилде, арызданууучулар эсептешкендей, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин диспозициясы көрсөтүлгөн мыйзамдык ченемдерден айырмаланып, экстремисттик материалдарды жайылтуу максатын көздөгөн белгилерди камтыбайт жана анын натыйжасында жазык жоопкерчилигине өзүндө диний адабиятты сактаган жана жайылтуу максатын көздөбөгөн адамдар тартылууда.

Арызданууларлардын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн туюндурмасында толук кандуулук жана аныктыктын болбогондугу жана аны тергөө жана соттук органдар тарабынан колдонуу тажрыйбасы Конституция менен кепилденген адам укуктарын одоно бузууда, жарандарды диний тиешелүүлүк белгилери боюнча дискриминациялоодо жана эң негизгиси, маңызы жана мүнөзү боюнча кылмыштуу эмес аракеттер үчүн адамдарды жазык куугунтугуна алууга жана жазык жоопкерчилигине тартууга жол ачууда.

Жарандар Р.Т. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимовдун пикири боюнча таанышуу максатында диний адабиятты сатып алган жана өзүндө сактап жүргөн адам анын экстремисттик мүнөздө экенин алдын ала биле албайт, анткени экстремисттик материалдардын тизмесине кирген материалдар Кыргыз Республикасынын аймагында таратылууга тийиш эмес. Ушуга байланыштуу, анын аракеттери мындай материалдарды жайылтуу максатын көздөбөйт.

Арызданууларлардын өтүнүчүндө конкреттүү жагдайлар келтирилүүдө, аларга ылайык Б.Р. Жалгашевге карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгү боюнча жазык иши козголгон, ал эми У.А. Абдыкаимовго карата Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгү боюнча өкүм чыккан.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, арызданууларлар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанууну суранышкан.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын

24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-пунктун, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 4-пункттарын, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасы менен төмөнкүдөй негиздер боюнча өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин талаптарына ылайык мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти кароого негиз болуп саналат.

Арызданууучулар шилтеме жасаган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацы, 20-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин жокко чыгаруучу же кемсинтүүчү мыйзамдар кабыл алынбашы керек, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн, ушундай чектөөлөр аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да киргизилиши мүмкүн, киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек деп көрсөтүүдө.

Андан ары, ошондой эле өтүнүчтө шилтеме келтирилген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 4, 5-пункттары, 32-беренесинин 1-бөлүгү, 33-беренесинин 1-бөлүгү ар кимге ой-пикир эркиндигин жана диний ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу укуктарын, абийир жана дин тутуу эркиндигин, маалыматты эркин

издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугун кепилдейт.

Ошонун менен бирге, арызданууучулар тарабынан талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн жобосу экстремисттик материалдарды сатып алуу жана сактоо үчүн жазык жоопкерчилик маселесин жөнгө салат.

«Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык экстремисттик материалдар деп экстремисттик аракеттерди жасаганга үндөгөн, мындай аракетти ишке ашыруунун зарылдыгын негиздеген улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган, кандайдыр бир этникалык, социалдык, расалык, улуттук (этностук) же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же дагы башка кылмыштарды жасоону актоого арналган жарыялоолор, документтер же башка сактагычтардагы маалыматтар таанылат.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинде аныкталган жазык-укуктук жосун адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин, конституциялык түзүлүштүн негиздерин, Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн жана коопсуздугун коргоо жана экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү максатында каралган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн укуктук көз караштарында мурда белгилегендей мамлекеттин орчундуу функциясын жүзөгө ашырган судьядан укук субъектин юридикалык жоопкерчиликке тартуу жана мамлекеттик таасир этүү жана мажбурлоо чараларын колдонуу тикелей көз каранды, жарандардын укуктары, эркиндиктери жана милдеттери маселелери боюнча акыркы чечимди кабыл алуу милдети судьяларга гана жүктөлөт (2013-жылдын 27-декабрындагы, 2015-жылдын 15-апрелиндеги, 2016-жылдын 11-октябрындагы чечимдер).

Арызданууччулар келтирип жаткан жүйөлөр талашылып жаткан ченемдин Конституциянын көрсөтүлгөн жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде эч кандай күмөндүүлүктү жараткан жери жок. Өз кезегинде, жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул жагдай ишти Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында кароо үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Судьялар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин талашылып жаткан ченеми менен кайырлууда белгиленген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин ортосунда тутумдаш байланышты тапкан жок.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүн тергөө жана соттук органдар тарабынан колдонуу тажрыйбасы конституциялык сот өндүрүш алкагында кароо предмети боло албайт.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама кабыл алган.

Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги аныктамасы менен макул болбой, 2017-жылдын 8-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылышкан.

Даттанууда Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык арызданууччу кайрылуусунда күмөндүүлүктү көрсөтүшү керек, ошондой эле кайрылууда талашылып жаткан мыйзамдын жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн негиздемеси камтылышы керек деп белгилешүүдө. Күмөндүүлүк талашылып жаткан мыйзамдын жоболорунун Конституция менен шайкештигинин жоктугунда, анын беренелерине ылайык келбегенинде көрүнөт. Арызданууччу

бул жагдайга ынанып, ушул ынанымынын пайдасына өзүнүн жүйөлөрүн өтүнүчтө баяндап берүүгө милдеттүү.

Арызданууччулардын пикири боюнча, дал кайрылуунун субъекти талашылып жаткан актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктү табууда. Мындай тыянак «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 25-беренелеринин маанисинен жана мазмунунан гана келип чыкпастан, аталган конституциялык Мыйзамдын логикалык конструкциясынан да келип чыгууда.

Даттануудан келип чыккандай, судьялар коллегиясы тарабынан кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун кеңири жайылган негиздеринин бири болуп жогоруда көрсөтүлгөн күмөндүүлүктүн жоктугу саналат. Бирок, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгү кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздеринин толук тизмесин бекитет жана ушул тизмеде баш тартуу үчүн өз алдынча негиз катары «күмөндүүлүктүн жоктугу» деген негиз жок. Ушуга байланыштуу, арызданууччулардын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кайрылуу жалпысынан формалдуу талаптарга жооп берип турса, талашылып жаткан актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүк жок деген негиз боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарта албайт.

Андан тышкары, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов ишти кароо үчүн негиз катары арызданууччунун күмөндүүлүгү эмес, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын талашылып жаткан актынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болушу тууралуу күмөндүүлүгү ишти кароо үчүн негиз болуп саналат деп болжошууда. Арызданууччулардын

пикири боюнча, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинин судьялар тарабынан кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиз катары өз билемдикке салып чечмелениши соттук коргонууга болгон укукту, жекече сот адилеттигине жетүү укугун мыйзамсыз чектөө болуп саналат. Ушуга байланыштуу, даттанылып жаткан аныктамада камтылган талашылып жаткан актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянак «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 24, 25, 28-беренелерин бузууда жана соттук коргонууга болгон конституциялык укуктун жүзөгө ашырылуусуна тоскоолдук кылат.

Андан тышкары, аталган конституциялык Мыйзамдын 47-беренесинин 10-бөлүгүнө ылайык Конституциялык палатанын акты негиздүү жана жүйөлүү болушу керек. Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын аныктамасы күмөндүүлүктүн жоктугу тууралуу тыянактарды негиздеген агрументтерди камтыбайт. Судьялар коллегиясы өз баш тартуусун «арызданууучулардын келтирген жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдин Конституциянын жоболоруна ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде эч кандай күмөндүүлүктү туудурган жери жок» деп гана негиздөөдө. Белгилей кетүү керек, арызданууучунун жүйөлөрү эмес, ченемдин өзү жана аны колдонуу тажрыйбасы талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугунда күмөндүүлүк үчүн негиз болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ортосундагы тутумдаш байланыштын жоктугу жөнүндө тыянактары тууралуу арызданууучулар даттанууда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин талашылып жаткан бөлүгү анын укук коргоо органдары тарабынан колдонуу тажрыйбасы күбөлөндүргөндөй жарандардын дин тутуу

эркиндигин одоно бузууда, жарандарды диний белгилер боюнча кемсинтүүгө жол берүүдө деп кайрадан белгилешүүдө.

Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов өтүнүчтө камтылган өзүнүн жүйөлөрүн толуктоо катары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн алгачкы редакциясы көрсөтүлгөн беренеде жосун үчүн жоопкерчиликти жайылтуу максаты болгондо караган болчу деп белгилешүүдө.

Бирок, «Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 3-августундагы № 180 Мыйзамы менен бул ченем жайылтунун максатын көрсөтүүсүз баяндалган.

Ошону менен бирге, 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизиле турган Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 315-беренесинин редакциясында экстремисттик материалдарды алуу жана сактоо боюнча жосундар жайылтунун максаты болгондо гана кылмыштуу деп таанылууда.

Ушуга байланыштуу, Р.Р. Карасартова, А.У. Токталиев, Б.Р. Жалгашев, У.А. Абдыкаимов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгарып жана Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 20-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 5-бөлүгүнүн 4, 5-пункттарына, 32-беренесинин 1-бөлүгүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө 2017-жылдын 3-мартындагы өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранышууда.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучулардын жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылуу

өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

Укуктук аныктык принцибине ылайык укуктук ченемдердин формалдуу аныктыгы, тактыгы, ачыктыгы, кош маанилүү эместиги жана алардын колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутуму менен шайкештигинин зарылдыгы шартталат. Демек, көрсөтүлгөн критерийлерге жооп бербеген ченемдик укуктук актылар адамдын жана жарандын конституциялык укуктары жана эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Мында, ченемдик укуктук актылардын конституциялык презумпциясынан улам алардын конституциялуу эместиги тууралуу маселенин коюлушу алардын конституциялуулугу тууралуу күмөндүүлүктү жараткан ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренеси менен кайрылууга карата талаптар каралган, анын ичинде кайрылуу аталган конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо үчүн конкреттүү негиздерди камтышы керек. Өз кезегинде, аталган конституциялык Мыйзамдын 24-беренесинде мыйзам же башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу - ишти кароого негиз болуп эсептелет деп белгиленген. Мында, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүндө, эгерде кайрылуу тarizи жана мазмуну боюнча ушул конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп орнотулган. Мында, «мазмун» деген түшүнүккө конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн конкреттүү кароого карата негиздер, анын ичинде талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн болуусу да кошулат (25-берененин 3-бөлүгүнүн 8-пукнту, 24-берене).

Баяндалганды эске алуу менен, арызденуучулардын «күмөндүүлүктүн жоктугу» деген негиз кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу үчүн негиздердин тизмесинде жок деген тыянагы туура эмес. Ошон үчүн күмөндүүлүктүн болуусу тууралуу маселе жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарынын алкагында судьялар коллегиясы тарабынан чечилиши керек.

Белгилей кетүү керек, арызденуучулардын өтүнүчүндө талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдеринин ортосунда карама-каршылыктын болуусу тууласында күмөндүүлүктү пайда кылган ынанымдуу жүйөлөр жок. Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясынын талашылып жаткан ченемдерде укуктук күмөндүүлүктүн жоктугу тууралында тыянагы негиздүү болуп саналат.

Экстремисттик материалдарды сатып алуу, даярдоо, сактоо, таратуу, ташуу жана жиберүү, ошондой эле экстремисттик же террорчулук уюмдардын символдорун же атрибуттарын атайылап пайдалануу, анын ичинде көрсөтүү үчүн жазык жоопкерчилигин орнотуу «Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесинин 8-бөлүгүнүн ченемдик көрсөтмөлөрүн жүзөгө ашырууга багытталган мыйзам чыгаруучунун ченем жаратуучу ишмерлигинин логикалык уландысы болуп саналат.

Ошондой эле, арызденуучулар Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн «экстремисттик материалдарды сатып алуу, сактоо» деген сөздөр менен баяндалган жоболорунун конституциялуулугун талашып жатып, өзүнүн көз карашын ушул ченемди тергөө жана соттук органдардын пайдалануу тажрыйбасына шилтеме жасоо менен негиздешет. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченемдин укук колдонуу тажрыйбасына байланыштуу маселелеринин чечилиши «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык

палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын «Жарандар Рита Рахмановна Карасартова, Акин Усубалиевич Токталиев, Бакыт Раманкулович Жалгашев, Улукбек Алтымышбекович Абдыкаимовдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 299-2 беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» 2017-жылдын 18-апрелиндеги № 19 аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канааттандырылуусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**